
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

М. БАРПИЕВ АТЫНДАГЫ № 19 ЖЫЛГЫН
ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕБИ



# ПЕД.БЮЛЛЕТЕНЬ



## Молдобекова
## Аида
## Абдижапаровна

2021-2022

## Өзүм жөнүндө



Молдобекова Аида менин атым
Таржымалым жонундо келет айткым
Мекеним Кыргызстан Аксы жерим
Керемет туулган жерим Кара-Суум

Женижок мектебинде библим алдым
Библим алып изденуудон тажабадым
Дуйно жузун,жер,суу,ташын абасын да
Иликтеп уйронууну мен каалaдым

Тарыхтын ар бир бетин барактадым
География илимин да кошо алдым
Ааламдын арбир бурчун мен уйронуп
Ата-энемдин кесибин аркаладым
Жылгын деген куттуу жердин келинимин
Беш баланын бактылуу энесимин
Жылгын орто мектебинде талыкпастан
Он жыл ашты ийгиликтуу эмгектендим
Жетиштим коптогон ийгиликке
Адал тапкан пешене эмгегимде
Татыктуу тарбия алдым мугалимден
Эми мен да жарасам деййм мектебимдин керегине;

*Учурдагы максатым жаш муунга*
*билим кенин кенен казып бергим келет,*
*ыйык Исхак атабыздай инсандарды*
*мыкты кылып тарбиялап көргүм келет.*

## Менин проблемам:

**“Учур талабына ылайык жаңы ыкмаларды пайдалануу менен, келечекте жаш муундардын экологиялык таанып билүүсүн өстүрүү жана мекенди сүйүүгө, патриоттуулукка тарбиялоо”**

| | | |
|---|---|---|
| **Мектеп:** **М. Барпиев** | | **Мугалим:** **Молдобекова Аида** |
| **Класс: 7** | **Предмет:** **Материктердин жана океандардын географиясы.** | **Датасы:** **2022.04.24** **Сабактын узактыгы:** **20 *мүн.*** |

**Тема: Австралия материги.**

**Предметтик стандарттан күтүлүүчү натыйжанын номуру(лары):**
***6.3.3.2. 6.1.1.1***

**Мурдагы билимдери/көндүмдөрү:** ***География сабагында (7- класстар) материк жөнүндөгү билимдер.***

| **Окутуунун максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжа:** ***сабактын аягында окуучулар буларды аткара алат:*** |
|---|---|
| ***1. Австралия материгинин географиялык абалы боюнча кеңири түшүнүк алышат.*** <br> ***2. Интеллектуалдык билгичтиктерди калыптандыруу: объектилерди салыштыруу, түзүлүш менен иш-милдеттердин ортосундагы өз ара байланышты табуу, гипотезаларды, далилдерди келтирүү билгичтиктерин калыптандыруу.*** <br> 3. ***Балдардын предметке карата таанымдык дилгирлигин, классташтарынын жоопторуна кызыгуусун күчөтүү.*** | ***1. Материктин мүнөздүү негизги белгилерин бөлүп көрсөтүү;*** <br> ***2.Иште,географиялык абалын,климатын,жаныбарлары жөнүндө билгендерин пайдалануу;*** <br> ***3. Жупташып жана тайпада иштөө, классташтардын жоопторун кунт коюп угуу.*** |

**Ресурстар/зарыл каражаттар:**

1. ***Карта ,атлас***
2. ***Таанышытыруу***
3. ***Карточка-тапшырмалар***

| | |
|---|---|
| *4. Сүрөтчөлөр*<br>*5.Слайд*<br>*6.Проректор* | |
| **Сабактын жүрүшү**<br>**1. Уюштуруу баскычы**<br>**Окуучулардын саламдашуусу. Сабакка даярдыкты текшерүү (дептер, калем, атлас, окуу китеби, күндөлүк). Сабакка дилгир маанайды түзүү. Окуучулар жуп-жубу менен отурат.**<br>**2. Сабактын максаттары менен милдеттерин коюу. Окуучулардын окуу ишмердигин шыктандыруу.**<br>**Окуу милдеттерин коюу.**<br>**- Дептерлерди ачып, аларга числону жазгыла. Эми сабактын темасын билүү үчүн табышмакты тапкыла.**<br>***«Бир туугандардын ичинен эң кенжеси жана өзгөчө,башкаларга окшош эмес".***<br>***- Кайсы материк боюнча сөз болуп жатат?***<br>**Окуучуларды колдоо. Иштти жыйынтыктап жатып, дептерге сабактын: Австралия материги деген темасын жазуу.**<br>**3. Билимдерди орчундатуу**<br>**Окуучулардын окуудагы өз ара иштешүүсүн (жупташып иштөөсүн) уюштуруу жана келерки теманы талкуулоо:**<br>**Силер материк боюнча эмнелерди билесиңер?**<br>**Айрым жуптардын жоопторун угуу.**<br>**Класстын доскасына карта илинген, карточкаларды илип, төмөнкү суроону берүү:**<br><br>**Окуучуларга кыркылган батман барактары таркатылат.Окуучулардын биринчи тобуна океандардын аттары,экинчи топко Материктердин аттары.Окуучулар аянттары боюнча барактарды ирээти менен бириктиришет.Эгер туура болсо артынан жылдын өзгөчөлүгү келип чыгат,ушунун жыйынтыгы менен топтордун аты келип чыгат.Алар биринчи топ океандар , экинчи топ материктер.** | **Убактысы:**<br><br>**1-2 мүн.**<br><br>**1мүн.**<br><br>**3 мүн.** |

| | |
|---|---|
| **4. Жаңы теманы түшүндүрүү:** *чакан лекция.*<br>*Австралия дээрлик түштүк жарым шарда жайгашкан.Ал биздин планетабыздагы аянты жагынан чакан,кургак жана калкы сейрек отурукташкан материк.*<br>*Аянты Океания менен 9млн км2 .Латын тилинде australis-"түшүнүк"деген мааниде .Калкы19,4 млн.*<br>*Материктин түндүктөгү чеги Йорк тумшугу, түштүгүндөгү Түштүк-чыгыш тумшугу,батышта Стип-Пойнт жана чыгышында Байрон тумшугу.*<br>*Австралия башка материктерден асман мелжиген бийик жанар тоолорунун , мөңгүлөрдүн жоктугу,жер титирөө болбогону менен айырмаланат.Материк бөлөк континенттерде кезикпей турган өсүмдүктөр менен жаныбарлардын түрлөрүнө-эндемиктерге өзгөчө бай.Материктин дал ортосунан түштүк тропик алкагы кесип өтөт.Ошондуктан анын көпчүлүк бөлүгү жылуу,ысык, эң түштүгү-мелуун алкакта жатат.Материк Евразиядан башка бардык материктерден обочо турат.Тундугундо аралдар жана ички деңиздер ана Түштүк Азия менен байланыштырат.*<br>*Австралиянын жээктери начар тилмеленген. Түндүк жээк бойлору булуң-буйткалуу. Анда тайыз океанга кыйла кеңири жиреп кирген Карпентария булуңу жатат. Түштүктө чоң Австралия булуңу орун алган.*<br>*Кургактыктан деңизге карай Чоң Кейп-Йорк жарым аралы созулуп жатат.Материк түндүктөн түштүккө 3200 км ,батыштан чыгышка 4100км аралыкка созулат. Австралиянын түштүк-чыгышында эң чоң арал Тасмания. Ал материктен кенен,туурасы 220км келген Басса кысыгы менен бөлүнгөн. Австралияны Инди жана Тынч океандардын жылуу суулары чулгап турат.*<br>*Ачылышы жана изилдөө тарыхы.*<br>*Материктин географиялык абалы ,башка материктерден алыс жана оолак жатышы анын ачылышына чоң кедерги болгон.Австралия бардык башка Материктердин "кенжеси"катары европалыктар тарабынан кийин ачылган.* | **10 мүн.** |

| | |
|---|---|
| **5. Жеке тапшырмаларды аткаруу баскычына өтүү.** **Жаңы кырдаалда билимдер менен билгичтиктерди колдонуу.**<br>**Амал ыкмасын аткаруу тууралыгын баштапкы көзөмөлдөө. Ар бир иш-аракеттин аткарылышын баалайт.**<br>**1-тапшырма:**<br>**Картага бекитилген Кеминдеги суроолорду топ башчылар алышып,топтор менен иштеп жооп берет.**<br>**Тууралыгын мугалим текшерип упайды баалоо картасына жабыштырат.**<br>**2-тапшырма.**<br>**- Сандар сүйлөйт аттуу карточкаларды мугалим көрсөтөт.**<br>**- топтор табышып упай топтошот.**<br>**3-тапшырма: Сүрөттү пайдаланып саякатчылардын табышат.**<br>**Слайд боюнча өзүн-өзү текшерүү.**<br>**Тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө:**<br>**• жекече көзөмөл жүргүзүү (тизме боюнча айрым окуучуларга).**<br>**5. Билимдерди жалпылоо жана тутумдаштыруу. Сабакта окуучулардын окуу ишмердигинин акыркы жыйынтыктарына басым жасайт.**<br>**4-тапшырма. Сунуш кылынган терминдерди пайдаланып, тексттеги бош жерлерди толтургула. 2-тиркемени карагыла. Слайд боюнча текшерүү.**<br>**6. Өздөштүрүүнү көзөмөлдөө, кетирилген каталарды талкуулоо жана аларды оңдоо**<br>**4-тапшырманын аткарылышын текшерүү жыйынтыктары боюнча айырмалап оңдоо ишин уюштуруу. 4-6 катышуучудан турган тайпаларды түзүү. (1 катышуучу – ЭКСПЕРТ (бул ролго мугалим тапшырманы аткара алган окуучуну дайындайт.)**<br>**7. Үй тапшырмасы жөнүндө маалымат, анын аткарылышы тууралуу нускама**<br>**Үй тапшырмасы: Тема боюнча текшерүү ишине даярдануу.** | **2 мүн.**<br><br>**1 мүн.**<br><br>**1 мүн.** |

| | |
|---|---|
| **8. Ой жүгүртүү (сабактын жыйынтыгын чыгаруу)**<br>**Аткарылган иш үчүн алкыш айтат. Окуучулардын баалоосун жана, күтүлүүчү натыйжалар менен байланыштырып, аңгемелешүүнү уюштурат.**<br>**Схема боюнча айтып бергиле:**<br>→ **мен билем**<br>→ **эстеп калдым**<br>→ **колумдан келди**<br>**- Бүгүнкү сабак канчалык кызыктуу жана пайдалуу болгондугун бааланыз.** | |
| **Баалоо:** ***(Баалоону окутуу процесси менен бир убакта жүргүзсө болорун эстеңиз).***<br>***Журналга жана окуучулардын күндөлүктөрүнө баа коюу.*** | **1 мүн.** |

**1-тиркеме.**

| Материктин четки точкалары | Кен байлыктарын түшүрүү | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. Йорк | | | | |
| 2.Стип-Пойнт | | | | |
| 3.Байрон | | | | |
| 4.Туштук - Чыгыш | | | | |

**Тапшырмага жооптор:**

| Контур картага түшүрүү | Саякатчылар | Эндемик жаныбарлары | Чөлдөрдү | Дарыялары |
|---|---|---|---|---|
| 1.Косцюшка | | | | |
| 2.Чон -Суу болгуч | | | | |
| 3.Эйр | | | | |
| 4.Торрес | | | | |